**Математика**
**PISAга багытталган тест**
**8 - класс**

***1-тапшырма.***

Кенен (толук) чыгарылышы менен аткаргыла. Ар бир тапшырманын чыгарылышы толук көрсөтүлүшү жана удаалаштык сакталышы керек.

Тимур апасына караганда 2 эсе узун аралыкты, атасы Тимурга караганда 2,5 эсе узун аралыкты чуркаган, ал эми Алия апасына караганда 200 метрге аз аралыкты чуркап өтүштү.
Эгер апасы 750 метр аралыкты чуркап өтсө, анда эстафета учурунда Камчиевдердин үй-бүлөсү бардыгы канча километр аралыкты чуркап өтүшкөн?
Жообун чыгарылышы менен жаз:

________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________

**Биздин спорттук үй бүлө**

Атасы, апасы, уулу Тимур жана кызы Алиядан турган Камчиевдердин үй-бүлөсү эстафетага катышты.



**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: орточо
- Жооп форматы: Кенен (толук) чыгарылыш менен жооп берүү
- Баалоонун объектиси: татаал маселелерди чыгаруу
- Максималдуу балл - 2
- Текшерүү ыкмасы: эксперттик

**Баалоо системасы**

| Упай / Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Жооп: 6550 м же 6 км 550 м же 6,55 км. Чыгарылыш жазылган.<br>Мисалы,<br>750 - 200 = 550 (м) - Алия,<br>750 *2 = 1500 (м) - Тимур,<br>1500 *2,5 = 3750 (м) - ата,<br>3750 + 750 + 1500 +550 = 6550 м – баардыгы |
| 1 | Жооп: 6550 м же 6 км 550 м же 6,55 км<br>Чыгарылышы жазылган эмес. |
| 0 | Башка жооптор берилди. |
| 0 | *Жооп жок* |

***2-тапшырма.***

Оң жактагы маалыматты колдонуп, дал келүүчүлүктү аныктоо тапшырмасын аткаргыла.


Эстафета учурундагы апасынын чуркаган аралыгынын узундугу 750 метр болду, Алия апасына караганда 200 метрге аз чуркаса, Тимурдун аралыгы апасына караганда 2 эсеге көп, ал эми атасы Тимурдан 2,5 эсе көп аралыкты журкап өттү.

*Диаграммадагы мамычанын кайсы түсү үй-бүлө мүчөлөрүнүн кимисине туура келерин жазгыла:*

| өңдөр | жооптор |
|---|---|
| Коюу сары | |
| Көк | |
| Кызыл | |
| Жашыл | |

**Биздин спорттук үй-бүлө**

Атасы, апасы, уулу Тимур жана кызы Алиядан турган Камчиевдердин үй-бүлөсү эстафетага катышты.







**Тапшырманын мүнөздөмөлөрү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: белгисиздик жана маалыматтар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: ой жүгүртүү
- Контекст: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: төмөнкү
- Жооп форматы: дал келүүчүлүктү аныктоо
- Баалоонун объектиси: маалыматты визуалдык көрсөтүү
- Максималдуу балл - 1
- Текшерүү ыкмасы эксперттик

**Баалоо системасы**

| Упай / Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Жообу:<br>Коюу сары -атасы<br>Көк - Алия<br>Кызыл - апасы<br>Жашыл-Тимур |
| 0 | Башка жооптор. |
| *0* | *Жооп жок* |